УДК: 81

**Мусаев С. Ж.**
КР УИАнын академиги
филология илимдеринин доктору,
профессор
*КР Улуттук илимдер академиясы*

## БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ ЕНЕСАЙ ЖАЗМАСЫ (V-VI КЫЛЫМ)

**Мусаев С. Ж.**
Академик НАН КР,
доктор филологических наук,
профессор
*Национальная Академия Наук КР*

## ДРЕВНЕКЫРГЫЗСКАЯ ЕНИСЕЙСКАЯ ПИСЬМЕННОСТЬ (V-VI ВВ.)

**Musaev S. ZH.**
academician NAS KR,
Doctor of Philology, Professor
*National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic*

## ANCIENT KYRGYZ YENISEI WRITING (5th-6th CENTURIES)

**Аннотация.** Макала жазма жана алфавит, алардын типтери жөнүндөгү жалпы маселелер жөнүндө кыскача маалымат берүү менен, бүгүнкү күнгө чейин Орхон-Енисей жазмасы деген ат менен белгилүү болуп келген орток түрк жазма эстеликтеринин ичинен Енисей жазмасын байыркы кыргыз жазмасы деп кароо зарылдыгын көтөрөт. Ошону менен эле катар кыргыз эли Октябрь революциясына чейин эле араб графикасында Орто Азия орток Чагатай жазмасын колдонуп келгендигин белгилейт.
**Ачкыч сөздөр:** байыркы кыргыз жазмасы, Енисей жазмасы, оозеки кеп, жазуу, пиктографиялык, идеографиялык, фонографиялык, фонема, алфавит, кыргыздардын улуу державасы, кыргыз кандыгы, Чагатай жазмасы.
**Аннотация.** В статье дается краткое изложение общих вопросов письменности и алфавитов, их типов, поднимается вопрос о необходимости рассматривать Енисейскую письменность как древнейшую кыргызскую письменность из числа общетюркских письменных памятников, известных до сих пор под названием Орхоно-Енисейской письменности. Также отмечается, что кыргызский народ еще до Октябрьской революции в арабской графике использовал среднеазиатскую общечагатайскую письменность.
**Ключевые слова**: древнекыргызская письменность, Енисейская письменность, устная речь, письменность, пиктографическая, идеографическая, фонографическая, фонема, алфавит, великая держава кыргызов, кыргызское ханство, Чагатайская письменность.
**Annotation.** The article provides a brief summary of the general issues of writing and alphabets, their types, raises the question of the need to consider the Yenisei script as the oldest Kyrgyz script from among the common Turkic written monuments, still known as the Orkhon-Yenisei script. It is also noted that the Kyrgyz people used the Central Asian Chagatai script in Arabic graphics even before the October Revolution.
**Keywords:** ancient Kyrgyz script, Yenisei script, oral speech, writing, pictographic, ideographic, phonographic, phoneme, alphabet, great power of the Kyrgyz, Kyrgyz Khanate, Chagatai script.

Арийне, VI кылымдарда жаралып, Енесай жазмасы деп аталган байыркы кыргыз жазуусу да фонографиялык жазуунун тибине кирет. Андагы тамгалардын чийилиш, жазылыш сөлөкөтү жана чыгыштеги боюнча окумуштуулар арасында ар

түрдүү көзкараш-пикирлер айтылып жүргөндүгүнө карабай, биз ал алфавитти 15 тамганын нукура кыргыздардын ойлоп тапкан тамгалары деген пикирди туура пикир деп кабыл алабыз. Бул багытта дагы терең изилдөө зарылчылыгы бар экендигин белгилейбиз...

Борбордук Азия менен Орто Азияда жашаган түрк элдеринин тарыхында айрыкча орунду Енесай жана Орхон жазуусу ээлейт. Бул жазууну Борбордук жана Орто Азияда жашаган кыргыз жана түрк уруулары колдонгондугу өткөн кылымдарда эле таккесе аныкталган. Енесай байыркы кыргыз жазуусу Талас, Чүй жана Ысык-Көл өрөөнүнөн да табылган, VIII кылымдарда чегилген тыйын эстеликтеринде да кездешет. Енесай-Орхон байыркы кыргыз жана түрк жазуусунун чыгышы жөнүндө ар түрдүү көзкараштар айтылып келе жатат. В. Томсен пехлеви (иран), арамей-согди жазуусунун белгилеринин негизинде бул жазма пайда болгон болуш керек десе, кийинки кездерде чыгыш таануучулар хорезм-согди жазуусунун негизинде жаралышы мүмкүн деген көзкарашты далилдөөгө аракеттенишет. Ал эми дагы бир маалымат боюнча байыркы кыргыздар байыркы жужандар аркылуу хунндардан, ал эми хунндар болсо биздин эрага чейин 200 жыл мурда эле арамей жазуусунан өздөштүргөн болуш керек деген пикир айтылат.

Түрк жана кыргыз элдеринин этнографиясы, тарыхы, маданияты жана тили боюнча көрүнүктүү изилдөө жүргүзгөн А. А. Аристов Енесай-Орхон жазуусунун белгилерин түрктөрдүн жана кыргыздардын уруу тамгаларынын негизинде пайда болушу мүмкүн деп эсептеген. Анткени Рун жазуусунун тамгалык системасында арамей жазуусунда кездешпеген 15 тамгалык белгинин бар экендиги ушундай пикирдин жаралышына өбөлгө болгон. Байыркы түрк жана кыргыз жазуу системасында чындыгында эле Енесай ойдуңундагы урууулардын тамга-белгилерине дал келген окшоштуктардын бар экендигин тарыхчы С. В. Киселев да белгилейт [1; 5].

Айрым бир окумуштуулар байыркы түрк жана кыргыз жазуусунда идеографиалык да белгилердин бар экендигин айтышат. Анткени "ай" деген сөздүн жазылышы жарым ай түрүндөгү сүрөт менен берилсе, "ок" деген сөздүн жазылышы жаанын огун элестеткен сүрөт менен берилген. Ошондон улам дагы бир изилдөөчүлөр булардын рун жазуусу тамгалык белги менен идеограммалардын негизинде өнүксө керек дешет.

Байыркы кыргыз жана түрк жазуусунун чыгышы, алар кайсы алфавиттин негизинде өнүккөндүгү туурасында азырынча так, бир беткей пикир айтуу али эрте. Ошондой болсо да, байыркы бул жазуу – мезгилдик жактан б. з. V-VI кылымдарда эле пайда болгондугу талашсыз факт. Бул жазуулар Орхон-Енесай жазмасы деп да, байыркы түрк жазмасы деп да, ал эми Енесай жазмасы байыркы кыргыз жазмасы деп аталат [6].

Кыргыз эли өзүнүн бүгүнкү күнгө чейинки тарыхый-маданий өнүгүү, улут катары калыптануу жолунда ар түрдүү графикадагы жазуу системасын пайдаланып келгендиги жөнүндө дүйнөлүк илим-билимде, жалпы түркологияда, өзгөчө кыргыз коомчулугунда белгилүү бир атайын илимий ой-пикир, көзкараш калыптанып калды. Деги эле жазуунун эң алгачкы түрлөрүнөн болгон пиктографиялык, идеографиялык, эпитафиялык, петроглифтик жазма-чиймелердин байыркы мезгилдерде кыргыздар жүргөн Түштүк Сибир, Алтай, Енесай аймактарында кеңири кездешиши, кыргыздар мекендеп жаткан Ала Тоо аймагындагы "Саймалуу Таш" петроглифтери, Ысык-Көлдүн чыгыш түндүгүндөгү "Чолпон Ата таш галереясы", Ак-Өлөңдүн батыш тарабындагы Кара-Тоодогу, Талас жергесиндеги жана башка толуп жаткан ушулар сыяктуу "жазмалардын" жаралышы кыргыздардын да мындай жазма-чиймелерге түздөн-түз тиешеси бар элдерден экендигин ачыктан ачык көрсөтүп турат. Андан калса башка түрк элдери огуздар, көк түрктөр менен бирдикте эле кыргыздар V кылымдар ченинен тарта байыркы Енесай-Орхон жазмасын колдонуп келгендигин, байыркы Енесай жазмасы деген жазуу байыркы кыргыздардын жазмасы экендигин бул жазмалар боюнча дүйнөлүк кадыр-баркка ээ чоң адистер В. В. Бартольд, В. Томсен, В. В. Радлов, С. Э. Малов, А. Н. Кононов, С. Абрамзон, Н. А. Баскаков, Э. Р. Тенишевдер башка окумуштууларды айтпай эле коёлу, XX кылымдын 50-60-жылдарында эле так кесе ачык айтып коюшкан...

Болжолу XI кылымдардан тарта кыргыздар согду-уйгур, кийинчерээк Совет мезгилине чейин жана анын алгачкы жылдарында араб графикасына негизделген кыргыз алфавитин колдонушкан. Бирок дүйнөлүк алкакта белгилүү көптөгөн окумуштуулардын "кыргыздар айрым

бир башка элдер өңдүү эле алгачкы орто кылымдан баштап жазганды, окуганды өздөштүргөн элдерден болгон, жазып-окуп келишкен (албетте, кыргыздын баары эмес, айрымдары), ар кандай жортуул-уруштардан, турмуштук кырдаалдардын кесепетиненен жазмасын жоготуп койгон учурлары да болгон",- деген көзкараш, ой-пикирлери эсепке алынбай, "улуу аганын", "улуу элдин" "улуулугун" көтөрө чалуу саясатына киреептер болгон тарыхый шарт, тарыхый кырдаал, тарыхый-идеологиялык талап, тилекке каршы, Совет мезгилинде кыргыздардын маданиятын, тарыхын, жазмасын өзүнө тандыртып, жокко чыгартып, 100 жылга жакын мезгил "жайдак" кармап келди. Мунун башында советтик-коммунисттик идеология (албетте, бул идеологиянын биздин элдин келечегине тийгизген оң таасирлерин жокко чыгарууга мүмкүн эмес экендигин да түшүнөбүз, бирок улут, тарых, тил, жазма, маданият маселесинде өтө терс таасиринин күчтүү болгондугун да эстен чыгарууга болбойт, кеп ушул жөнүндө бара жатат), ушул идеологияны ишке ашыруучу тоталитардык саясат, шовинисттик амбиция, авторитардык бийлик турган. 1939-жылдарга чейинки "кызыл террордон" такыр коркуп калган улуттук саясий, илимий, чыгармачыл, маданий интеллигенциянын басымдуу көпчүлүгү, айрым бир диссиденттик көз караштагыларды эске албаганда, советтик-коммунисттик идеология көрсөткөн багыттан эч "жаңылбай", кыргыз элинин тарыхын бурмалаган, жазуу-сызуубуз болгон эмес, артта калган патриархалдык каада-салттан өйдө көтөрүлө албай, сай-сайлап жүргөн жерибизден "улуу агабыз" (старший брат), "улуу орус эли" (великий русский народ) бизди "киши" кылды деген вульгардык көзкараашта жашап келдик. Ушундай кырдаалда улуту кыргыздарды жөн эле кой, орустан келген К.К.Юдахин, И.А.Батманов сыяктуу "кыргыз академиктерибиз" да Кыргыз республикабыздагы саясий талапка туруштук бере албай, "Енисей жазмасына кыргыздын эч кандай тиешеси жок, кыргыздарда эч кандай жазма болгон эмес, кыргыздар байыркы мезгилде Енисейде мамлекет курган эмес, кыргыздар жазмага Октябрь революциясынан кийин гана ээ болду", - деп турушкан эле. Бул XX кылымдын 30-жылдарынын башынан тартып күчүнө кирген "совет эли", "экинчи эне тил", "улуу орус эли", "улутчулдук" деген түшүнүктөр (булар түшүнүк эле эмес, чоң багыттагы чоң саясий концепция эле) менен коштолуп, республиканын саясий жетекчилигинин конкреттүү демилгеси, иш-аракети, күнкор жагынуучулук саясаты менен андан ары улантылды. "Кыргыздарда Октябрь революциясына чейин эч кандай жазма-сызма болгон эмес, Москва, Ленинграддагы айрым бир окумуштуулар маселени түшүнбөй эле кыргыздын байыркы мезгилдерде жазмасы болгон, Октябрь революциясына чейин эле кыргыздар арасындагы билимдүү адамдар жазып-окуп келишкен, китеп жазышкан", - деген туура эмес пикирде жүрүшөт деп республиканын биринчи жетекчилиги улуу окумуштууларды күнөөлөп китеп жазып турду, сүйлөп турду...

Арийне, кыргыздардын байыркы мезгилдерден бери эле жазма-сызмага ээ болуп, мамлекет куруп келгени бүгүнкү күндө такталган маселе катары белгиленип келүүдө, тарыхыбыз такталууда. Бирок тилибизге, анын жазма аркылуу өнүгүшүндө, адабий тилибиздин жаралышына, калыптанышына, өз өзгөчөлүгүнө, фонетикалык системасына мүнөздүү алфавиттик жазмабызга байланыштуу көптөгөн теориялык да, практикалык да маселелердин башы анча ачылбай калып жатканын бүгүнкү күндө жашырып коюуга же XX кылымдын 90-жылдарына чейинки авторитардык бийлик кезиндегидей жымсалдап коюуга мүмкүн эмес. Ошондуктан бул жаатта айрым бир жагдайларга учкай токтоло кетүү зарылдыгы чыгып жатат.

Арийне, улуу окумуштуу В. В. Бартольддун "Кыргыздар" деген тарыхый очеркинде айтылган маалыматтарга таянсак, X кылымда жашап өткөн Абудулеб аттуу саякатчы өзүнүн саякаты жөнүндөгү баянында "байыркы кыргыздардын жазуусу болгон",- деген маалымат айткан экен. Ошол маалымат жөнүндө В. В. Бартольд: "кыргыздардын жазуусу жөнүндө Тан-Шуда айтылган. Ошол маалымат бул баянда да айтылып жатат. Тан-Шуда кыргыздардын жазуусу жана тили уйгурлардыкына окшош деп айтылган. Сөз ошол кезде уйгурлар арасында жаңыдан тарала баштаган жана кийинчерээк андан монголдор да пайдаланган алфавит жөнүндө эмес, Орхон жазууларынын табылышы аркылуу гана окулган эскирээк жазуу жөнүндө болуп жатат", - дейт [2]. Менимче, Орхон жазуулары табылып, ошол жазуулар окулгандан кийин гана ал жазуулардагы тамгалардын сөлөкөттөрү өз ара бири-

бирине салыштырылып окулган эски жазуу – бул Орхон жазуусунан кеминде 2 кылым мурда жаралган (V-VI кылымдар) Енисей аталыштагы байыркы кыргыз жазуусу эле. Демек, Абудулеб саякатчынын айтканы, Тан-Шудагы маалымат, аларды тарыхый факт-материалдар менен салыштырып талдоого алган В.В.Бартольддун маалыматы Енисей жазмасы байыркы кыргыздардын Борбордук Азияда, Енесай дарыясынын башталышында жашап турганда колдонгон жазуусу экендигин ачыктан-ачык көрсөтүп турат. Муну В.В.Бартольд өзүнүн дагы бир эмгегинде баса белгилейт [3]. Ушул эле В. В. Бартольддун "Кыргыздар" деген тарыхый очеркинде да бир маанилүү факт келтирилет. 1909-жылы фин түркологу Г. Рамстедт Монголиянын Сужи даван деген жеринен Орхон-Енисей тамгалары менен ташка жазылган эстелик тапкан. Анда ал жазуу кыргыздын белгилүү бир кишисинин атынан VIII кылымдын аягында жазылгандыгы тууралуу маалымат келтирилген [2]. Ошол жазууда "Кыргыз оглы бен" (Кыргыз уулу мен, б.а. мен Кыргыз уулумун) деген жазуу бар экендиги айтылган. Ушундай пикирди жаш окумуштуу Нурдин Усеев да белгилейт да, ошол мен кыргыз уулумун деп жаздырган же жазган киши Бойла Кутулуг Йорган деген ысымдагы киши экендиги аныкталган [8: 34].

Кыргыздар жөнүндөгү тарыхый маалыматтар ошол Орхон-Енисей жазма эстеликтеринин өзүндө да кенен-кеңири берилген:

(14) йабгуг шадыг анта бермис. Бирийе табгач будун йагы эрмис, йыпайа Баз каган токуз огуз будун йагы эрмис, кыркыз, курыкан, отуз татар, кытаң, татабы коп йагы эрмис. Каңым каган бунча...

(17) Эчим каган бирле илгерү Йашыл үгүз Шантуң йазыка теги сүледимиз, курыгару Темир капыгка теги сүледимиз, Көгмен аша кы (ркыз) йириңе теги сүледимиз).

(20) Барс бег эрти, каган ат бунта биз биртимиз, сиңлим кунчуйуг биртимиз; өзи йаңылты, каганы өлти, будуны күң кул болты. «Көгмен йир суб идисиз калмазун», тийин, аз кыркыз будуныг йарат (ып) келтимиз сүңүсдимиз илин).

(25) башлайу кыркыз каганыг балбал тикдим. Түрк будуныг аты күси йок болмазун тийин, каңым каганыг, өгим катуныг көтүрмиш теңри, ил биригме теңри, түрк будун аты күси йок бол (мазун тийин, өзимин ол теңри).

(35) Күл тигин (алты отуз). Йашыңа кыркыз тапа сүледимиз; сүңүг батымы карыг сөкипен, Көгмен йышыг тога йорып, кыркыз будуныг уда басдымыз; каганын бирле Сүңа йышда сүңүшдимиз; Күл тигин Байыркун (ың ак адгырыг) [6].

Байыркы кыргыздардын алфавитин түзүп, анын негизинде жазма жаратуу мүмкүнчүлүгүнө жетиши ошол мезгилде алардын коомдук-чарбалык, маданий өнүгүүнүн белгилүү бир деңгээлине жетип, согуштук-аскерий, мамлекеттик-саясий түзүлүшкө ээ болушу менен түздөн-түз байланышкан. Жазуунун жаралышы, сөзсүз түрдө, мамлекеттик-саясий түзүлүштүн болушу жана анын өнүгүшү, башка андай түзүлүштөр менен карым-катышта иш жүргүзүшү менен шартталат. "Высокому уровню хозяйства и сложному общественному и государственному устройству кыргызов вполне соответствовало их культурное развитие. Его высота наиболее ярко проявилась в письменности" [5: 604]. Эгерде коомдук-чарбалык, маданий өнүгүү болбосо, ал мезгилде согуштук-аскерий, мамлекеттик-саясий күчтүү түзүлүш болбосо, жазуунун жаралышы мүмкүн эмес эле. Илимий тарыхый жазмалардагы, илимий эмгектердеги маалыматтарга караганда кыргыздар "улуу держава" түзгөнгө чейин эле Енесай, Алтай, Миң-Суу чөлкөмдөрүндөгү коомдук-саясий иштерге активдүү катышкан күчтүү кагандык түзүп келген. Башкасын жөн коё турсак да, Түрк каганатынын, өзгөчө Чыгыш Түрк каганатынын (603-704-жж.) башчылары кыргыз кандыгы менен эсептешип турган. "... на севере выступают объединенные кыргызы, возглавляемые сильным каганом. Тюркский каган Мочжо (692-716) очень считался с каганом кыргызов Барс-бегом. Он выдал за него дочь своего предшественника – кагана-освободителя Гудулу (Ильтерес)... кыргызы при кагане Барс-беге действительно представляли внушительную силу и являлись полноправными членами противоорхонской тройственной коалиции, в которую помимо них входил Китай и Западные тюрки... Однако после убийства их энергичного кагана Барс-бега кыргызы не потеряли полностью самостоятельность. Это видно хотя бы из того, что их посольства (кыргызов – С.М.) и после поражения 711 г. при императоре Сюань-цзуне (713 – 755 гг.) чытыре раза приходили в Китай " [5: 562-563].

Ушундай коомдук-тарыхый жагдай-шарт кыргыз хандыгында жазуунун жаралышына түздөн-түз себеп жана негиз болгон.

"... когда возникла кыргызская государственность, естественны были попытки создания собственной письменности", - деп Сибирь тарыхы жана археологиясы боюнча көп изилдөөлөрдү жүргүзгөн С.В.Киселев ачык белгилейт.

VI кылымдарда жаралып, Енесай жазмасы деген ат менен илимде белгилүү болуп келаткан жазуу дүйнөлүк атак-даңктагы окумуштуулардын белгилөөсүндө, чындыгында, байыркы кыргыздар колдонгон рун алфавитинде жок 15 белгини кыргыздар өздөрү кошумчалагандыгын В.Томсен белгилесе, ал алфавитти Н.Аристов кыргыздардын тамгалык белгилери менен байланыштырат. Кандай болсо да, Енесай алфавитин кыргыздар колдонуп, өздөрүнүн байыркы жазуусун жаратышкан. Бул жазуу байыркы кыргыздар арасында кеңири тараган. "Рунические эпитафии верхнего Енисея и Минусинской котловины явно рассчитаны на широкий круг читателей не только из представителей знати. Рассматривая содержание этих надписей, мы уже извлекли из них ценные сообщения о внутреннем устройстве кыргызского общества в VI-VII вв. При этом мы видим постоянные упоминания о народе, составленные в таких выражениях восхваления, которые не оставляют сомнения в том, что они писались в расчете на их прочитание простым кыргызам... В этих надписях несомненно таятся важнейшие факты внутренней жизни кыргызов", - деп байыркы кыргыз жазмасы аз сандагы мансаптуу адамдардын гана жазмасы болбостон, белгилүү адамдарга гана багытталбастан, жалпы эл окуй турган жазма экендигин С. В. Киселев атайын баса белгилейт [5: 612]. Ошону менен эле катар Енесай жазмасынын үй-тиричилик буюмдарына түшүрүлүшү, алтын жалатылган, күмүштөн жасалган идиштерге жазылышы, колдонуп келген баалуу буюмдарга ээсинин атынын түшүрүлүшү, эл ээлик кылган жерди, чөлкөмдү көрсөткөн жазуулар Енесай жазмасынын калың элге – кыргыздар ичине кеңири тарагандыгын көрсөтөт. Ошол эле С. В. Киселевдун белгилөөсүндө бул жазуунун Енесай аймагында IX-X кылымдарга чейин колдонулгандыгы кыргыздар жашаган аймакта байыркы уйгур жазмасында эстеликтердин жоктугу менен түшүндүрүлөт.

Кыргыздардын "улуу державасы" X кылымдын ортосунда Кидандар (кара кытай) тарабынан талкалагандан кийин деле кыргыздар Енесайда өзүнүн кандыгын сактап кала алган, бирок баягыдай күчтүү, бирдиктүү болбой, бытыранды кандыктарга бөлүнгөн. Кыргыздардын биротоло кандыктан ажырашы Чыңгыз хандын жортуулу менен байланышкан. 1218-жылы Жучунун колу каршы чыккан кыргыз колун талкалап, аларды Чыңгыз хандын кичүү баласы Тулуйдун улусуна кошуп берет. Бирок эркиндикти сүйгөн, өзүнчө кандыкка умтулган кыргыздар 1254-жылы Мунке кан шайланып жатканда дагы көтөрүлүшкө чыгат. Монголдор мында дагы Енесайга кыргыздарга каршы чоң кол жөнөтүп, алардын көтөрүлүшүн басат. Буга карабай кыргыздар улам-улам көтөрүлүшкө чыга берет. 1270-жылы Енесайда монголдор кыргыздарды биротоло жеңип, өз бийлигин орнотот. Бирок дагы да эле кыргыздардан жана алардын күчүнөн чочулаган Чыңгыз хан бийлигинин мураскери Хубулай хан 1293-жылы Енесайдагы кыргыздардын чоң бөлүгүн Манжурияга айдатат. Ушундан тартып кыргыздар Енесай, Алтай жергесинде чоң саясий бирикме, согуштук-аскерий чоң күч катары тарыхый аренадан сүрүлүп калат, жазмасын дагы жоготот. Өздөрү чачырап бирдиктүүлүгүнөн, мамлекеттүүлүгүнөн ажырайт.

Арийне, ушу жогоруда айтылган тарыхый маалыматтар жана Енесай жазма эстеликтери деп аталган тексттердеги 1909-жылы Рамстеддин Суджи-даван деген жерден тапкан жазуу эстелигинде жазылып турган: "Кыргыз оглы ман... Кыргыз уулумун" деген маалымат Енесай жазмасын байыркы кыргыз жазуусу деп саноого толук мүмкүндүк берет. Муну байыркы түрк жазма эстеликтери боюнча чоң адис В. Е. Малов төмөнкүчө белгилейт: "Вслед за крупными авторитетами – акад. В. В. Радловым и проф. В. Томсеном – я не имею никаких причин не считать енисейские памятники принадлежащими киргизам... Что же теперь сказать о языке эпитафий бассейна р. Енисея? Памятники – киргизские в этом общем государственном смысле, язык – общий, стандартный, эпитафийно-рунический. Памятники эти могли принадлежать покойникам – и киргизам, и тувинцам, и тофларам (карагасам), а возможно и кому другому. Во всяком случае сюда же можно включить частично и группу , которая теперь у нас именуется хакасским. Эти группы по "киргизскому великодержавию" у меня здесь именуется и могут именоваться киргизскими" [6: 4, 7].

Енисей-Орхон жазма эстеликтеринин тексттерин кайра окуган, кайра тактап которгон, басып чыгарууга даярдаган С. Е. Малов: "Характеристика памятников енисейской письменности тюрков, по нашему убеждению, дает нам возможность глубже понять и осветить богатство древней культуры киргизского народа" [6: 3], - деп Енесай жазма эстеликтери байыркы кыргыздар жана алардын бай маданияты жөнүндө жетишээрлик маалымат бере турган жазма булак экендигин баса белгилейт. "Я сделал, что мог, а лучше пусть делают могущие", - деп Енесай жазма эстеликтерин жаңыча тактап окуп, тактап которуп, транскрипциясын берип, китеп кылып дайындап, бул эстеликтер кыргыз элинин VI-VII кылымдардагы жазма эстеликтери экендигин, ал жерде кыргыз элинин байыркы маданияты, башка элдер менен болгон карым-катышы жөнүндөгү маалыматтар көрүнүп тургандыгын баса белгилөө менен, "Древняя кыргызская письменность" деген ат коюп, колжазмасын 1943-жылы Фрунзеге алып келген экен. СССР Илимдер академиясынын кыргыз филиалынын "Тил, адабият жана тарых" институтунун илимий кызматкерлери (ал мезгилде илимий кызматкерлер деп айтчу деле кызматкерлер болбосо керек, баары атылып кеткенден кийин К. К. Юдахин менен И. А. Батмановдун көзүн карап, жетегинде калган гана анча-мынча бакеевчилер, бактыбаевчылар калса керек) С.Е.Маловдун ушул жазма эстеликтер кыргыздар – силердики дегенине аябай каршы болушуп, ал эстеликтердин кыргыздарга эч кандай тиешеси жок деп такыр жолотпой койушуптур. Ушуга нааразы болгон С. Е. Малов кайра кетип, ал эстеликтер боюнча изилдөөсүн уланта берген экен. Улуу окумуштуу кантсе да таза нарк-насилде өткөн тарыхты сыйлап, байыркы кыргыздын тарыхын, маданиятын сыйлап, баягы колжазмасын 1948-жылы кайра кыргыздарга бергендиги жөнүндө минтип жазат: "В свое время (в 1948-г.) переводы енисейских эпитафий были представлены мною в Институт языка, литературы и истории Киргизского филиала Академии наук СССР" [6: 4]. Кыргыздарда аталган жазма эстеликтерге эч кандай кызыкчылык жаралбагандан, натыйжа чыкпагандан кийин, ал аны өзүнчө китеп кылып "Тил жана ой жүгүртүү" институтунун 1950-жылкы планына киргизип, 1952-жылы "Енисейская письменность тюрков" деген аталышта өзүнчө китеп кылып чыгарат. Баягы 1943-жылы С.Е.Малов алып келген "Древняя киргизская письменность" деген колжазма 9 жылдан кийин Москва-Ленинградда таптакыр башка ат менен жарык көрөт да, К. К. Юдахин, И. А. Батманов жана алардын айтканынан чыга албаган, өздөрүнчө ойлонууга кудуреттери жетпеген кыргыз тилчи, тарыхчыларынын кесепетинен кыргыз эли "Байыркы кыргыз жазуусунан" кол жууп куржалак кала берет.

Кийин К. К. Юдахин менен И. А. Батмановдун мындай коньюнктуралык чайкоочулук ишин башка тарыхчы, тилчилер улантып, ал Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын мамлекеттик саясатына айланат, кыргыздар IX-X кылымда эч кандай "улуу держава" түзгөн эмес, Енесай жазмасынын кыргыздарга эч кандай тиешеси жок, антип айткан А.А.Аристов, В.В.Бартольд, С. Е. Малов, С.В. Киселев, С. М. Абрамзондор, борбордогу башка окумуштуулар туура эмес айтып жатышат деген көзкараш Кыргыз Республикасынын 1-секретарынын "илимий концепциясына" айланат. Ушул идеологиялык көзкараш кыргыз элинин тарыхын, жазма эстеликтерин терең жана кенен изилдөөгө эч мүмкүнчүлүк бербей, бул маселелер жөнүндө кичине эле кеп-сөз кылган окумуштуулар, жазуучулар улутчул аталышып, запкы жеп келишти. Ушундан көп кишинин жүрөгү үшүп, түшүп калгандыктан, ушу бүгүнкү күнгө чейин С.Е.Малов 1943-жылы айткан "Байыркы кыргыз жазмасы" дегенди айта албай, жаза албай, изилдей албай келатабыз. Окумуштуу-изилдөөчүлөргө мүмкүнчүлүк берилбей келди. Ушу жерде бир факты жөнүндө кыска айта кетким келди. Чагатай улусуна кирген Орто Азия, Казакстанда Чагатай жазмасы деген орток адабий тил жаралган, бул тилди кээде Орто Азия түрк тили деп да айтышкан. Бул тилде көп жазма эстеликтер жаралган. СССРдин тушунда Өзбекстандын биринчи секретары ленинграддык А.М.Щербак деген түркolog-тилчиге "Өзбек Республикасынын илимине эмгек синирген ишмер" деген наамды берип туруп Чагатай тили дегенди "Байыркы өзбек тили" деп жаздыртып алды. Г.Ф.Благова деген Москвалык окумуштууга Бабурду өзбек тилинин өкүлү деп жаздыртып алды. А биздин 1-секретарыбыз Москва, Ленинграддагы чоң-чоң түркологдор бул жазуу кыргыздыкы, кыргыз маданияты, кыргыз жазмасы деп койгондорду сүйлөгөн сөздөрүндө, жазган китептеринде "талкалап" турду. Мына, байыркы кыргыз жазмасына, кыргыз тарыхына тиешелүү саясий абал бизде ушундай болгон...

Биздин изилдөөбүз түздөн-түз Енесай жазма эстеликтери деген аталыш менен илимге кирип калган байыркы кыргыз жазмасын терең изилдөө менен байланышпагандыктан (бул өзүнчө чоң проблема, мунун жаш изилдөөчүлөр изилдеп башташты), бул боюнча учурунда таамай айткан С.Е.Маловдун гана сөзүн келтирүүнү туура деп эсептеп турам: "в 1943-году я был во Фрунзе и в институте Языка, литературы и истории Киргизского филиала АН СССР во время беседы об этих памятниках я был очень удивлен, что встретил возражения со стороны многих сотрудников института в отношении своих высказываний о принадлежности енисейских памятников киргизам. Оказывается, в этом вопросе мои противники слишком доверяли проф. К.К.Юдахину и доц. И.А.Батманову, ссылаясь на их печатные высказывания по этому вопросу. Мне хотелось бы думать, эти два почетных ученых – И.А.Батманов и К.К.Юдахин – отнюдь не являются противниками мнений В. Томсена и В.В.Радлова. Я позволю себе сказать, не желая обижать вышеупомянутых киргизоведов, что лучше заниматься обнародованием и переводом древних памятников и не тратить время на пока бесплодные и пока априорные рассуждения о разговорном языке древних киргизов...

Таким образом, ...можно сделать вывод, что язык енисейских памятников письменности V в. представляет собой древний киргизский язык" [6: 8].

Енисей жазмасын Байыркы кыргыз жазмасы деп аныктоо А.А.Аристов, В.В.Бартольд, В.В.Радлов ж.б. улуу окумуштуулар менен эле катар Е.Д.Поливановдун да тарыхый-лингвистикалык көзкарашы аркылуу белгиленет. Ал кыргыздардын Енесай менен байланышкан жана ал аймактан чыккандыгы жөнүндөгү идеаларды колдогон. Орто Азияда өзүнүн грамматикалык түзүлүш өзгөчөлүгү боюнча кыргыз тилине жакын турган башка түрк тили жок экендигин жана кыргыз тилине грамматикалык жактан эң жакын тил Түштүк Сибирдеги алтай, хакас тилдери экендигин баса белгилөө менен, кыргыздар Енесай жазууларынын авторлору деп эсептейм деген [7: 93].

"Кыргыздарда байыркы тарыхынын алгачкы мезгилинде өзүнүн жазма тили болгондугу Енисей дарыясынын салааларында, Саян тоолорунда табылган ташка жазылган эстеликтер менен далилденет. Кийинчерээк көчмөн кыргыз уруулары түштүк-батышты көздөй берилеп келип, Алтай тоолорун байырлап, азыркы Кыргыз-Нур көлүнүн боюн борбор кылып, феодалдык мамлекет түзүп турган кезде колдонгон жазма тилинен азырынча эстелик табыла элек. Бирок кээ бир кыйыр маалыматтарга караганда кыргыздар бул феодалдык мамлекет кезинде да мурунку жазмасынан (Енесай деген аталыштагы байыркы кыргыз жазмасынан – С.М.) кол үзбөгөн болуу керек. Саманиддердин тукуму Наср-ибн-Ахмед хандын бийлиги кезиндеги (X кылым аягы) саякатчы Абу-Дулеф Букарадан Кытайга бараткан жолундагы элдердин аттарын атоо менен катар алардын ичинен "кимактар" менен "кыргыздар" өзүнчө жазмага ээ деп көрсөтөт дейт да, профессор Бекир Чобан-Заденин "Заметки о языке и словесности кумыков". Изв. факульт. Азерб.ГУ. Т. 1. Б., 1926, 96-б. эмгегине шилтеме берет [11].

С.Е. Маловдун пикирин колдогон көзкарашты улантып, акыркы учурда америкалык окумуштуу Каннен Катиснер өзүнүн "Мировые языки" деген китебинде минтип жазат: "Если опираться на то, что мы знаем, самый древний тюркский народ – кыргызы. Еще 2000 лет тому назад существовали их письменные памятники, т.о. енисейские кыргызы уже сначала V в. н. э. пользовались письмом..."(12)

Кыргыз мамлекети бир кылымга жакын жашаса да, анда колдонулган жазма тил, негизинен, эл бийлөөчүлүк максатта кызмат кылып, уруулук же уруу союздарынын диалектилерине анчалык таасир кылышы мүмкүн эмес эле. Мунун себеби феодализм шартында жазма адабий тил менен диалектилердин (жалпы эл күндөлүк жашоо шартында колдонулган тил – С.М.) ортосундагы байланыш өтө начар болгон, ар түрдүү себептерден улам саясий бирдик түзүп, мамлекетке айланган уруулук союздардын өзара байланыштыгына жазма тил таасир кыла алган эмес. Кидандардын (буларды түрк калктары "кара кытай" деп аташкан) соккусу натыйжасында кыргыздардын мамлекеттиги кулагандан кийин уруулук союздардын ортосундагы байланыштар ого бетер бошоңдоп, алардын диалектилери өзалдынча өнүгө берген.

Кидандардын чабуулунан кийин кыргыз урууларынын Алтайдан Тянь-Шанды көздөй мурунтан башталган жылуу процесси күчөгөн..." [11]. Кыргыздар эл катары ушул кийинки чөлкөмдө калыптанат, жазмасын унутуп, кийинчерээк араб тамгасындагы жазманы үйрөнүшөт... Орхон-Енесай жазмасынан кийин кыргыздар колдонгон жазуу

катары кыйыр түрдө болсо да уйгур алфавитиндеги жазууну да эсептөөгө болот. Анткени адегенде уйгурлар да башка түрк элдери сыяктуу эле Орхон-Енесай жазмасынан пайдаланышкан. Кыргыздар менен урушуп жүрүп талкалангандан кийин, алар азыркы Кытай тарапка оошкон. Ошол учурда Борбордук Азияга Алдыңкы Азияда жаралган манихей дини тарала баштаган. Манихей дининин таралышы, Сирия христиан сектасы несториандардын келиши менен несториан жазмасы кошо келет. Иран жазмасы зароастрий дини аркылуу тарайт. Иран тобундагы согди тилинин жазмасынын негизинде Борбордук Азияда уйгур жазмасы пайда болот да, бул жазууну будда дининдеги элдер менен эле катар айрым бир түрк уруулары да колдоно баштайт [4].

Албетте, уйгур жазуусун кыргыздардын колдонгондугун тастыктаган тарыхый так далилдер илимде жок. Бирок айрым бир кыйыр жагдайлар жөнүндө гана божомолдоолор кездешет. Манихей, зароастрий дининин кыргыздар арасында да тараш ыктымалдыгы, уйгурлар менен кыргыздардын канатташ катар жашашы сыяктуу жагдайлар айрым окумуштуулардын жогоркудай пикирлерди айтышына өбөлгө болгондой [2]. Бул жазууда сөз жогортон төмөн тик жазылган, саптар солдон оңго карай сап-сап болуп түшкөн.

Борбордук Азиянын кеңири аймагына ислам дининин акырындап тарап келиши менен, уйгур жазмасы да акырындык менен колдонулуудан четтетиле баштайт. Будда дининдеги элдерде гана уйгур жазуусу колдонулуп калат, 13-кылымда уйгур жазуусун монголдор өз тилине ылайыкташтырып кабыл алышат, кийинчерээк бул жазуунун негизинде маньчжур жазмасы түзүлөт.

Кидандардын чабуулунан кийин кыргыз урууларынын Алтайдан Тянь-Шанды көздөй башталган жылуусу күчөгөн. Кыргыздар эл катары ушул чөлкөмдө калыптанат, мурунку жазмасын унутуп, кийинчерээк араб тамгасындагы жазманы үйрөнүшөт... Бирок араб алфавити кыргыздар арасында качантан баштап тарай баштагандыгы жөнүндө так маалымат жок. Айрым бир тарыхый фактыларды салыштырып кароонун негизинде гана кыргыздар, өзгөчө түштүк кыргыздар, XVIII кылымдын ортосунан тартып араб графикасын пайдалана баштаган болсо керек деген божомол айтууга болот. Анткени В.В. Бартольддун маалыматтары боюнча кыргыздар XVI кылымда да, XVIII кылымда да өздөрүн мусулманбыз дешкен эмес, алар капырларга да, мусулмандарга да кошулушпайт, көп кудайга ишенишет, б.а. бутпарас done dininde болушкан [3]. Демек, ислам дини кыргыздар арасында тарабагандан кийин, исламдын таасири жок болгондон кийин, алар араб алфавитин алышы, колдонушу мүмкүн эмес эле. Арийне, бул маселени тарыхчылар, дин таануучулар такташаар, бирок 1856-жылы Ысык Көлгө келген Ч.Валихановдун маалыматы боюнча кыргыздар өздөрүн мусулманбыз дешет, бирок салт-санаасында, үрп-адатында шамандык элементтерди карманышат, мусулман адат-жөрөлгөсүнө каршы келген иштерди жасашат, - делип айтылат. Кыргыздардын мусулманчылык түшүнүктөрүн Орто жүз казактары менен салыштырып келип, биздин казактар мындан 30 жыл мурда так ушундай эле деген пикирин билдирет. Демек, кыргыздарга, өзгөчө Түндүк кыргыздарына ислам дини 19-кылымдын биринчи чейрегинен тартып кире баштаган болсо керек. Ал эми алфавит, сөзсүз, динди ээрчитет, дин алфавитти ээрчитет, экөө катар жүрөт, динди жазуу, окутуу аркылуу таратса, жазууну динди таратуу үчүн пайдаланышат, экөө эриш-аркак. Ошондуктан алфавит да ошол 19-кылымдын биринчи чейрегинен тартып колдонула баштаган болуш керек деген божомолду белгилемекчибиз.

Буга мындан башка дагы төмөнкүдөй жагдайлар өбөлгө болгон. Баарыбыз жакшы билебиз 1709-жылы Бухара хандыгынан бөлүнүп өзүнчө хандык түзгөн Кокон хандыгы 1822-жылы Олуя Ата, 1825-жылы Пишпек, 1827-28-жылдары Коңур Өлөң, Көл-Төр, 1830-жылы Жумгал, Куртка чептерин курушкан. Демек, Түндүк кыргыздар 1800-жылдардын башынан тартып Кокондун бийлигинде болгон. Түштүк кыргыздар мындан бир канча жыл мурда Кокон хандыгынын бийлигине баш ийген. Кокон хандыгы кыргыздарды ийри кылычы, аскер күчү менен гана баш ийдирүүгө аракеттенген эмес. Эң күчтүү куралы ислам дини болгон, аны сиңириш үчүн ислам дининин негизги куралы алфавитти, жазууну кеңири пайдаланышкан, дин мектептерин уюштурушкан, дин китептерин, Куранды окутушкан, курандын тигил же бул тиешелүү аяттарын көчүртүшкөн. Ошентип араб алфавити, араб жазмасы Түндүк Кыргыздар арасында ислам дини аркылуу Кокон хандыгынын басып алуучулук саясатынын негизинде 19-кылымдын 20-30-жылдарынан тартып акырындан кире баштаган...

Арийне, ушул жерде бир жагдай жөнүндө кыскача айта кетейин. Туура, XIX кылымдын 1-чейрегинде араб тамгасындагы жазуу дин менен кошо Кыргыз жергесине келет, бул жерде кеп ушул жөнүндө болуп жатат. Ал эми айрым бир колунда бар адамдар балдарын ичкериге, татарлар, түрктөргө жиберип, сабатсыздыгын жоюп, динчилдикке багыттап, араб жазуусун үйрөткөндүгү да белгилүү, б.а. араб жазмасы Кыргыз жергесине келгенге чейин эле айрым бир колунда бар адамдар аны чет жакка барып үйрөнүп келишкен. Демек, ислам дини, аны ээрчиген араб жазмасы Кыргыз жергесине келгенге чейин эле айрым бир аз сандагы кыргыз арабча жазганды, окуганды билген...

Бул жазуу кыргыздар арасында 1927-жылга чейин колдонулуп, Совет бийлиги орногонго чейин ондогон элчилик каттар, Молдо Нияздын колжазма китептери, Нур Молдо, Молдо Кылыч, Алдаш Молдо, Тоголок Молдо, Ысак Шайбековдун чыгармалары, Борзу уулу Малдыбайдын "Семетей баатыры", автору белгисиз "Семетей" эпосунан үзүндү, Тыныбектин 1898-жылы Казанда басылып чыккан "Семетей" эпосунан үзүндүсү, Белек Солтоноевдин, Осмоналы Сыдыковдун, Э. Арабаевдердин Казанда, Уфада, Алматыда бир канчалаган китептеринин басылып чыгышына, эл арасына аз-аздап тарашына жана Кыргыздардын жазуу маданиятынын өнүгүшүнө да чоң салым кошкондугун белгилебей коюуга мүмкүн эмес экендигин көрсөтөт.

Албетте, XIX кылымдын орто ченинен тарта падышалык Россия чеке-белинде жашаган башка элдердин сабатын ачууга атайын кам көрбөсө да, анын тутумунда турган башка элдер сыяктуу эле кыргыздардын массалык түрдө болбосо да кат-сабаты ачылып, араб графикасында жазганды, окуганды өздөштүрүүгө аракеттерди көрүшкөн. Кыргыз элинин ичинен чыккан болуш-бийлер кат тааныган "молдокелерди" атайын кармашып, бала-бакыраларына кат таанытkan, китеп окуткан. Кат-сабаты ачылган "молдокелер" араб алфавитинде чыгармаларды, каттарды жазышып, бир нече даанада ар кимге көчүртүшкөн, колкитептердин жаралышына, алардын эл ичине таралышына камкөрүшкөн. Ошол эле учурда Россия өз саясатын, басып алуучулук амбициясын ишке ашыруу максатында өз миссионерлеринин жардамы менен айрым бир элдер үчүн орус графикасынын негизинде алфавит түзүүнү да ойлонушкан, орус-тузем мектептерин уюштурушкан, балдарды окутушкан. Мындагы негизги максат – окутуу, жазуу аркылуу туземдерди падышага, падышалык Россияга толук баш ийдирүү болгон. Мындай жагдайдагы максат кыргыз жергесинде да жүргүзүлгөн. Бирок бул миссионерлер аркылуу жүргүзүлгөн кат-сабатты ачууга байланыштуу иш элдин калың катмарын камтыган эмес. Мындай шартта жалпы көпчүлүккө, жалпы элге кеңири тараган, жеткиликтүү болгон жазуу жөнүндө кеп кылууга мүмкүн эмес эле. Бул жазуу, негизинен, клерикалдык мүнөздө айрым гана адамдардын кат-сабатынын ачылышына, жазып-окуй билишине кызмат кылган...

**Адабияттар:**


1. Аристов Н.А. Усуни и кыргызы или кара-кыргызы: очерки истории и быта населения западного Тянь-Шаня и исследования по его исторической географии. – Бишкек: Илим, 2001.
2. Бартольд В.В. Кыргызы. – Ф.: 1927.
3. Бартольд В.В. Очерки истории Семиречья. – Ф.: 1943.
4. Дирингер Д. Алфавит. – М.: 1963.
5. Киселев С.В. Древняя история Южной Сибири. АН СССР. – М., 1951.
6. Малов С.Е. Енисейская письменность тюрков. – М.: 1952.
7. Плоских В.М. Кадимки эле даанышман адам. // Кыргызстан коммунисти. – 1990, №10.
8. Усеев Н. "Манас" эпосу жана Орхон-Энесай жазма эстеликтери: тилдик окшоштуктар менен каармандар параллели. – Б., 2017.
9. Фридрих И. История письма. – М., 1979.
10. Чобан-Заде Бекир "Заметки о языке и словесности кумыков". // Изв. факульт. Азерб.ГУ. Т. 1. – Баку, 1926. 96-б.
11. Юнусалиев Б.М. Кыргыз диалектологиясы. – Ф., 1971.
12. http:// facebook.com/nomadsgreatsteppe/photos/a. 341805362610 760 / 17041355263 777301/